# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН
# АНЫКТАМАСЫ

Бактияр Мухамеджанович Суранчиев, Нуркалый Сейдулдаевич Куловдун кызыкчылыгын көздөгөн Ашымбек Сатарович Дуйшеналиев, Бакыт Эсенбекович Жумабековдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2023-жылдын 28-ноябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев, катчы А.Т. Таалайбековдун катышуусу менен Б.М. Суранчиев, Н.С. Куловдун кызыкчылыгын көздөгөн А.С. Дуйшеналиев, Б.Э. Жумабековдун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

2023-жылдын 1-ноябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Б.М. Суранчиев, Н.С. Куловдун кызыкчылыгын көздөгөн А.С. Дуйшеналиев, Б.Э. Жумабековдун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 30-майындагы №203 «Кыргыз Республикасынын алтын казып алуучу тармагынын ишканаларынын жана Сары-Жаз калай кенинин кызматкерлеринин эмгек акысына коэффициент белгилөө жөнүндө» токтомунун (мындан ары – Өкмөттүн токтому) аталышы жана преамбуласы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 1-бөлүгүнө, 6-беренесинин 2-бөлүгүнө, 23-беренесинин 1, 3, 4-бөлүктөрүнө, 24-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацына, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылууда баяндалгандай, Талас облусунун Талас районундагы Бекмолдо айыл аймагындагы Кара-Ой айылынан 6,5 километр алыс, тоо арасында жайгашкан «Жер-Үй» алтын кенин иштетип жаткан «Жер-Үй-Алтын-Альянс» компаниясында башкы подрядчы Казакстан Республикасынын «ЭйЭйИнжиниринг Груп» жоопкерчилиги чектелген шериктештигинин Кыргыз Республикасындагы филиалы (мындан ары – филиал) иштейт.

2018-жылдан 2023-жылга чейин курулуш иштеринде эмгектенген жумушчулардын, кызматкерлердин айлык акысын филиал 1,2 райондук коэффициент менен төлөп, эмгек эс алуу өргүүсүн, айлык акыга кошумча төлөнүүчү үстүктөрдү, компенсацияларды, эмгекке болгон башка төлөмдөрдү Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана мыйзамдардын талаптарын одоно бузуу менен төлөп келгенине Б.М. Суранчиев каршы чыккан. Жаралган көйгөйлөрдү чечүү максатында жамаатта профсоюздук бирикме түзгөн жана өз ишинин алкагында профсоюздук бирикме бир катар тийиштүү мамлекеттик органдарга арыз менен кайрылган.

Тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыктарын далил катары келтирүү менен бул маселе боюнча иш соттук териштирүүлөрдүн, тактап айтканда биринчи жана апелляциялык инстанциялардын кароо предмети болгон. Кароонун жыйынтыгы боюнча чыгарылган соттук чечимдерде Өкмөттүн токтому алтын казып алуучу тармагынын ишканаларынын жана Сары-Жаз калай кенинин кызматкерлерине карата гана колдонулат, ал эми филиал Өкмөттүн токтомунда көрсөтүлгөн алтын казып алуучу тармагынын ишканасы болуп саналбайт деп белгиленген.

Ушуга байланыштуу, арыз ээлери аталган соттук актылар Конституциянын ченемдерине карама-каршы келет деп эсептешет.

А.С. Дуйшеналиев, Б.Э. Жумабековдун пикиринде, талашылып жаткан Өкмөттүн токтому алтын кениндеги алтын казып жаткан жумушчулар жана кызматкерлердин гана кызыкчылыктарын чагылдырат, анткени ушундай эле оор жаратылыш-климаттык шарттарда жана бийик тоолуу, алыскы зоналарда

филиалдын кызматкерлери өз ишин жүзөгө 1,2 райондук коэффициенти менен эле ашырышат. Бул жагдай, өз кезегинде, алардын конституциялык укуктарын басмырлоого алып келүүдө.

Арызданууучулар өздөрүнүн жүйөлөрүн бекемдөөдө Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык Пактынын 1-беренесинин 22-пунктуна, 26-беренесине шилтеме жасашкан. Аларга ылайык ар бир адам башкалар менен биригүү эркиндигине, анын ичинде өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн профсоюздарды түзүү жана аларга кирүү укугуна ээ; бардык адамдар мыйзам алдында бирдей жана эч кандай басмырлоосуз мыйзам тарабынан бирдей корголууга укуктуу, бул жагынан алганда ар кандай дискриминацияга мыйзам тарабынан тыюу салынышы керек жана мыйзам бардык адамдарга кандайдыр бир белгилери, расасы, түсү, жынысы, тили, дини, саясий же башка ынанымдары, улуттук же социалдык теги, мүлктүк абалы, туулгандыгы же башка жагдайлары боюнча басмырлоодон бирдей жана натыйжалуу корголушун кепилдөөгө тийиш.

Жогоруда баяндалган жүйөлөрдү эске алуу менен А.С. Дуйшеналиев, Б.Э. Жумабеков талашылып жаткан Өкмөттүн токтомунун аталышын жана преамбуласын конституциялык эмес деп таанууну суранышууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья-баяндамачы М.Ш. Касымалиевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Судьялар коллегиясы кайрылууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө, анда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө жол берилгендигине жана анын «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнө таянат.

Конституциялык контролдун укуктук маңызы болуп, конституциялык принциптерге жана орнотмолорго каршы коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салууну тастыктаган укуктук мүнөздөгү ынандыруучу жүйөлөрдүн болуусунда ченемдик укуктук актылардын же алардын бөлүктөрүнүн Конституциянын талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү саналат.

Ушуга байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамда Конституциялык сотко болгон кайрылууну тариздөөгө жана арызданууучу койгон маселе боюнча анын көз карашын негиздей турган бир катар талаптар караштырылган (19, 26, 27 жана 30-беренелер).

Жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык арызданууч өз кайрылуусунда ал койгон маселе боюнча көз карашын жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тиешелүү ченемдерине шилтеме келтирүү менен анын укуктук негиздемесин көрсөтүүгө милдеттүү. Бул талап арызданууч унун жүйөлөрү фактологиялык эмес, укуктук мүнөздө болуп, конституциялык орнотмолор менен тутумдук байланышта туруп жана аны менен талашылып жаткан укук ченеминин жөнгө салуучулук таасиринин конституциялуулугунда аныксыздыкты пайда кылышы керек дегенди билдирет.

Ал эми арызданууч улардын кайрылуусунда талашылып жаткан ченемдер менен Конституциянын тиешелүү ченемдеринин арасында тутумдук укуктук байланыш жок экени көрүнөт. Арызданууч улар укуктук мүнөздөгү эмес фактологиялык жүйөлөрдү, тактап айтканда, укук колдонуу тажрыйбасындагы маселелерди баяндаган. Мындай жагдайда талашылып жаткан ченемдер аныксыздыкты жаратпайт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун, 5-бөлүгүн жетекчиликке

алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Бактияр Мухамеджанович Суранчиев, Нуркалый Сейдулдаевич Куловдун кызыкчылыгын көздөгөн Ашымбек Сатарович Дуйшеналиев, Бакыт Эсенбекович Жумабековдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Келтирилген материалдар арызданууучуларга кайтарылып берилсин.

3. Аныктама үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: М.Ш. Касымалиев

К.Дж. Кыдырбаев

Ж.А. Шаршеналиев

№______